# БАЙЛАНЫШТА

10-ЧЫГАРЫЛЫШ, **2015-ж. МАРТ**

## 2014-ЖЫЛГА КАРАТА АЛДЫН АЛА ӨНДҮРҮШТҮК ЖЫЙЫКТЫКТАР

«Кумтөр Голд Компани» компаниялары 2014-жылдын өндүрүштүк тапшырмаларынын ийгиликтүү аткарылышы жөнүндө билдиришет. Алтын өндүрүүнүн пландык көрсөткүчү 2014-жылы Борбордук карьердин алтынга бай рудалуу SB зонасына чыгуудан улам жетишилди, аны казууну компания 2015-жылдын биринчи кварталында да улантууда.




**Маалымат үчүн: троялык унция = 31,10348 грамм*
***Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, бардык акча суммалары АКШ долларында келтирилген.*
****GAAP (бухэсептин жалпы кабыл алынган принциптери) алкактарында пайдаланылбоочу көрсөткүч, кошумча маалыматты SEDAR сайтында «GAAP пайдаланбоочу көрсөткүч» бөлүгүнөн караңыздар.*

## 2015-ЖЫЛГА ПЕРСПЕКТИВАЛАР

Алдын-ала эсептөөлөр боюнча “Кумтөр” кен ишканасында өндүрүштүн көлөмү 2015-жылы 470-520 миңдей унция же 14,6-16,2 т. алтынды түзүүгө тийиш. Ошол эле учурда, быйыл компания алтындын эң чоң бөлүгү жылдын акыркы кварталында өндүрүлгөн мурдагы жылдардан айырмаланып, салыштырмалуу бирдей кварталдык өндүрүүнү күтүүдө.



Кыртыш ачуу иштерине чыгымдарды алып салгандан кийинки жалпы капиталдык чыгымдар 2015-жылы 75 млн. долларды** түзүүгө тийиш. Анын ичинен 49. млн. доллар негизинен оор жүк тоо-кен техникалар паркын кеңири масштабдуу кайра жабдуу (36 млн. доллар); калдыктарды сактоочу жайдын дамбасынын бийиктигин көбөйтүү боюнча курулуш иштери (7 млн. доллар) жана башка статьялар (6 млн. доллар) менен байланышкан негизги фондуларды модернизациялоого багытталмакчы***.

Өнүктүрүүгө инвестициялар 26 млн. доллар көлөмүндө пландаштырылган жана өзүнө KS-13 планына ылайык карьердин контурларын кеңейтүүгө байланыштуу кен ишканасынын инфраструктура объектилерин көчүрүүнү, сууну сордуруп салуу иш чараларын.

Кыртыш ачуу иштерин капиталдаштыруу 2015-жылы карьерди иштетүүгө байланыштуу 185 млн. доллар өлчөмүндө күтүлүүдө.

## «КУМТОР ГОЛД КОМПАНИНИН» ЖЕТЕКЧИЛИГИНДЕГИ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

**2015-жылдын 20-январынан баштап «Кумтөр Голд Компани» компаниясынын президентинин милдетин аткарууга Дэниел Дежарден киришти.**



Дэниел Дежарден Маунт Эллисон (Канада) университетинде алган соода бакалавры даражасына ээ, ошондой эле магистр (тоо-кен өнөр жайынын экономикасы) жана ишкер админстрациялоо магистри (Куртин технологиялык университети, Австралия) ээ. Мындан тышкары, ал Онтарио штатынын ыйгарымдуу коомдук бухгалтери болуп саналат.

Мурда компанияны жетектеген жана **«Кумтөр»** долбооруна олуттуу салым кошкон Майкл Фишер башкы офиси Анкара шаарында (Түркия) болгон «Оксут Маденчилик» долбоорунун башкы менеджери катарында «Центерра Голд Инк.» менен кызматташууну уланта турганын белгилеп коелу.



2015-жылдын 1-февралынан тартып тобокелдиктерди башкаруу жана нормативдик базаны сактоо боюнча Вице-президенттик позицияны ээлеген Родни Ступарек Туруктуу өнүктүрүү бөлүмүнүн жумушун Дуглас Гриерден өткөрүп алып көзөмөлдөйт.



16-сентябрда Филлип Уэлтен өндүрүш боюнча Вице-президенттик кызматты ээледи. Филип Австралияда жана Папуа-Жаңы Гвинеяда иштеген 30 жылдан ашык тажрыйбага ээ.

### Бул чыгарылышта:


- 2014-жылга карата алдын ала өндүрүштүк жыйыктыктар
- Компаниянын жетекчилигиндеги өзгөрүүлөр
- БААУ студенттеринин кенге болгон сапары
- КАРАГАТ+ долбоорунун ийгилиги
- Кышка отун
- Кумтөрдөгү даттанууларды кароо тартиби
- Мөңгүлөр


0800 223 23 23 www.kumtor.kg info@kumtor.com

# БААУ студенттер кен ишканасында болушту

**Өткөн дем алыш күндөрү БААУнун студенттеринин тобу таанышуу сапарынын алкагында “Кумтөр” кен ишканасында болушту. Бардык студенттер Американын Борбор Азия билим берүү фондунун стипендианттары болуп саналышат жана Экономика жана бизнести башкаруу факультетинде окушат.**

Болочок башкаруучуларга жана экономисттерге Кыргыз Республикасынын экономикасына олуттуу салым кошуп жаткан өлкөнүн территориясындагы эң ири алтын казып алуучу компаниянын иши жөнүндө билүү өзгөчө кызыктуу болду. Сапардын жүрүшүндө студенттер алтын казып алуу жана өндүрүү процесси менен таанышышты. Топ алтын ылгоочу фабриканын карьеринде, турак-жай лагеринде, ошондой эле Петров көлүндө болду. Компаниянын адистери өндүрүштүк процесс жөнүндө жалпы маалымат беришти жана бардык кызыктырган суроолорго жооп беришти. Студенттер ишкананын территориясындагы жапайы жаныбарларды – түлкүлөрдү жана аркарлардын турак-жай лагеринен алыс эмес жайгашкан үйүрүн да көрө алышты.

«БААУда семестр бою мен инвестициялык мыйзамдар боюнча курсту окуганмын, анда биз Кыргыз Республикасындагы эң ири инвестициялык долбоордун мисалы катарында “Кумтөрдү” өтө кеңири талкуулаганбыз. Кен ишканасына баруу менин академиялык турмушумдагы эң толкундатуучу жана пайдалуу сапар болуп калды. Мен ишкананын масштабдарына жана анын ишинин биздин өлкөбүз үчүн натыйжаларына таң калдым. Бизде өндүрүш процессин өз көзүбүз менен көрүү мүмкүнчүлүгү болгонуна кубанычтамын», – деп белгиледи БААУнун студенти, Американын Борбор Азия билим берүү фондунун стипендианты Насиба Нурматова.






# КЫШКА ОТУН

**“Кумтөр” компаниясы Жети-Өгүз менен Тоң райондорунун калкына жылыга кыш айларында жардам көрсөтүүнүн алкагында жүк ташыган жыйырма машине отун таратты.**

Тоң районунун Кажы-Сай, Тоң, Күн-Чыгыш, Төрт-Күл, Көл-Төр айылдарынын тургундары эки машинеден отун алышты. Жети-Өгүз району боюнча отунду социалдык объектилер арасында бөлүштүрүлдү. Он эки машине отун Барскоон, Тамга, Кызыл-Суу, Саруу айылдарындагы бала-бакчаларга, Конкино айылындагы фельдшердик-акушердик пунктуна, мүмкүнүлүгү чектелген балдар менен иштеген бейөкмөт уюмдарга, аз камсыз үй-бүлөлөр үчүн мончого жана Барскоон айылынын мектебине таратылды.

Отун жеткирип берүү ушу жумада аяктады. Муктаж үй-бүлөлөр менен социалдык объектилерге жардам көрсөтүү жергиликтүү бийлик менен алдын-ала макулдашылган. Компания от жагуу сезону соңуна чыккыча дагы кошумча отун таратууну пландап жатат.





## «КАРАГАТ+» ДОЛБООРУНУН ИЙГИЛИГИ

ИЙГИЛИК!

**«Карагат Фест» Кыргызстандагы окуялуу туризмде эң мыкты долбоор деп табылды**



Кыргыз Республикасынын туризм департаменти биринчи жолу өткөн жылдын туристтик долбоорлорун сыйлады. Ысык-Көл облусунда эки жылдан бери өтүп жаткан «КАРАГАТ фест» жер-жемиштер фестивалы байгелүү оруңдардын бирин ээледи. Фестиваль «Кумтор Голд Компанинин» каржылык колдоосу менен ишке ашып жаткан «КАРАГАТ+» комплекстүү программасынын бир бөлүгү болуп саналат. 2013-жылы «КАРАГАТ фест» Тоң районуна караштуу Бөкөнбаев айылында өткөн, ал эми былтыркы жылы болсо Жети-Өгүз районуна караштуу Кызыл-Суу айылынын стадионунда өттү. 2015-жылы ушундай эле фествалды биздин берметибиздин күңгөйүндө Түп районунда өткөрүү пландалууда.

# КУМТӨРДӨГҮ ДАТТАНУУЛАРДЫ КАРОО ТАРТИБИ

**«Кумтөр Голд Компани» улуттук жана эларалык нормаларды сактап, жергиликтүү жамаатар менен жакшы алакада болууга абдан умтулат. Ошентсе да, Кумтөрдөй чоң ишканада маал-маалы менен даттануулар пайда болуп турат.**

**Биз кызматкерлерибизге кам көрүп, бардык негиздүү даттанууларга толук жана жеткиликтүү жооп берүүгө аракеттенебиз.**

**Бардык даттануулар адилеттүү каралышы үчүн компанияда бекем тартиптеги процедура колдонулат:**

## 1. ДАТТАНУУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ

Наразычылыктар жана даттануулар электрондук жана жөнөкөй кат, телефон аркылуу, жеке жолугушуу учурунда же башка түрдө билдирилет. Даттануу катталгандан кийин жообу көпчүлүк учурда 30 күн ичинде берилет.

## 2. КАТТОО ЖАНА ТАСТЫКТОО

Кумтөрдөн даттануучуга даттануунусу кабыл алынганын тастыктаган өзгөчө номуру бар баракча берилет. ***Даттануучу номурун алгандыгын тастыктоо үчүн баркчага колун коюшу абзел.***

## 3. АЛДЫН АЛА БАА БЕРҮҮ

Даттануунун олуттуулугуна жана тиешелүүлүгүнө баа берилет. Иликтөө жана иликтөө жүргүзүүгө жооптуу тараптар дайындалат.

## 4. ИЛИКТӨӨ

Даттануу иликтенип, негиздүү же негизсиз экени такталат. Даттануу негиздүү деп табылса, конфликтти чечүү жолдору аныкталат.

## 5. ЖООП

Иликтөөнүн натыйжасын кыскача баяндаган жана конфликтти жоюу жолун сунуштаган жооп жөнөтүлөт. Даттануучу жоопко колун коюшу абзел. ***Бул даттануучунун сунуш кылынган чечимдер менен макул болгондугун билдирбей, жоопту алгандыгын гана тастыктайт.***

Жооптор компаниянын катасы бар экендиги, компаниянын жол-жоболоруна өзгөртүүлөр киргизилгендиги жана, кээ бир учурларда, кандайдыр бир компенсация төлөнөөрү жөнүндө маалымат камтышы мүмкүн.

Даттануучу ыраазы болсо

Даттануучу НААРАЗЫ калса

## 6. КАЙРА КАРОО ЖЕ АПЕЛЛЯЦИЯ

Башка мүмкүн болгон чечимдер сунушталат.

## 7. ДАТТАНУУ ИЙГИЛИКТҮҮ ТҮРДӨ ЧЕЧИЛДИ

Даттануучу сунушталган чечимдердин бирине макул болду.

## 8. ДАТТАНУУНУ ЧЕЧҮҮ

Макулдашылган чечим ишке ашырылат.

**ДАТТАНУУНУ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ҮЧҮНЧҮ ТАРАП КАРАП ЧЫГЫШЫ МҮМКҮН**

Конфликтти жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

**ДАТТАНУУ ЖАБЫЛАТ**


Конфликт жоюлду.

0800 223 23 23 www.kumtor.kg info@kumtor.com

# МӨҢГҮЛӨР


**«Кумтөр» кени болжол менен 170 мөңгүсү бар, «Ак-Шыйрак» массивинин – тоо тизмегинин түштүк тарабында жайгашкан. Ушул мөңгүлөрдүн үчөө кендин лицензияланган аймагынын ичине кирет, бул Ак-Шыйрактагы мөңгүлөрдүн 2%ын түзөт.**

Мөңгү – бул муздун калың катмары, демейде уюлга жакын жана бийик тоолуу аймактарда калыптанат. Бул жерде кар ээрибейт жана жылдан жылга үстүнө кошула берет. Калыптануунун өлчөмүнө жараша кар массасы өзүнүн салмагынын оордугунан кысылып, абдан катуу мөңгүгө айланат. Андан ары дагы деле өзүнүн салмагынын оордугунан мөңгүлөр тоонун боору менен ылдый көздөй жылат. Жолдон алар ар кандай породалардын бөлүктөрүн илештирип, «U» формасындагы тоо өрөөндөрүн пайда кылат, муну менен аймактын рельефин түп-тамырынан өзгөртөт. Өрөөнгө мөңгүлөр менен келип калган тоо породаларынын бөлүктөрү калып калганда рельеф мындан дагы чоң өзгөрүүгө дуушар болот. Мөңгүнүн астына түртүлүп калган бөлүктөр мөңгүлүү калдыктары деп аталат. Мөңгү бошогондо, бул калдыктар табигый тосмолорду пайда кылат, кээ бир учурларда мөңгүнүн аяктаган жерлеринде көлдөрдү пайда кылат.




## ЖЫЛУУЛУК ТЕНДЕНЦИЯСЫ

1550-жылдан баштап 1850-жылдарга чейинки аралыкта буга чейинки жылдарга жана азыркы учурга караганда төмөн температура байкалган. Убакыттын бул узүгүн кичине муз доору деп аташат. 1950-1980-жылдарда кайра температура түшүп кеткен кыска убакытты эске албаганда, ошол убакыттан тартып температура токтоосуз жогорулап келет. Ошого карабай, узак мөөнөттөн алып караганда температура баары бир жогорулап жатат, бул дүйнөдөгү мөңгүлөрдүн ээришине алып келүүдө. 1980-жылдан баштап дүйнөдөгү мөңгү аймактары аябай азайган, айрым мөңгүлөр такыр эле жок болуп кеткен. Мөңгүлөрдүн көбөйүшү же азайышы жер циклиндеги табигый процесстерге кирет жана өзүнөн-өзү тынчсыздануга себеп жаратпайт, бирок ошол эле убакта бул процесс адам үчүн бир катар кыйынчылыктарды жаратат. Мөңгүлөрдүн жылышы же эришине жараша пайда болгон көлдөр толуп жана суусу ташып, агымдын ылдый жагында отурукташкан калкка коркунуч туудурат. Кургак райондордо жайгашып, мөңгүдөн эриген сууга ишенген эл суунун жаңы булагын издөөгө мажбур болот. Жыйынтыктап айтканда, эгерде дүйнөлүк океандын деңгээли мындан ары дагы көтөрүлө берсе, бул жээкке жакын жайгашкан ылдыйдагы шаарларды суу каптап калышына алып келет.








## ПЕТРОВ МӨҢГҮСҮ

Петров мөңгүсү лицензияланган аймактагы эң чоң мөңгү болуп саналат. Ал 1950-жылдан бери тынымсыз ээрип, Петров көлүн пайда кылууда.

Көлдү кармап турган мөүгүлөр менен дамбаларды көп жылдык изилдөөдөн өткөргөндөн кийин **«**Кумтөр Голд Компани**»** кендеги жашоону кармап калуу максатында көлгө агып аткан суунун көлөмүн азайтуу үчүн айланма канал курганы жатат.

## БОРБОРДУК АЗИЯДА МӨҢГҮЛӨРДҮН ЭЭРИШИ




Ак-Шыйрак массивиндеги мөңгүлөр 2003-2013

БИШКЕК КЕҢСЕСИ
24 Ибраимов көч., 10-чу кабат, 720031
**Кабылдама: 0312 90-07-07**

БАЛЫКЧЫ МААЛЫМАТ БОРБОРУ
374 А Фрунзе көч., **Телефон: 03944 4-00-13**

КАРАКОЛДОГУ РЕГИОНАЛДЫК КЕҢСЕСИ
1 Г Карасаев көч.,
**Телефон: 03922 4-39-04**

ЖЕТИ-ӨГҮЗ МААЛЫМАТ БОРБОРУ
«ВОЛНА» ЛАГЕРИ, БАРСКООН

ТОҢ МААЛЫМАТ БОРБОРУ
Райондук мамлекеттик администрациясынын имараты (Акимчилик), 2-чи кабат, БӨКӨНБАЕВ